DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-57-273-280
УДК: 94 (575.2) :37

***Токтогулова Г. Т.**, филос. илимд. канд., доцент*
*toktogulova.72@mail.ru*
*ORCID: 0000-0003-1642-3959*
*Б. Осмонов ат. ЖАМУ*
*Жалал-Абад ш., Кыргызстан*

# ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ КЫСКА МӨӨНӨТТҮҮ ПАДАГОГИКАЛЫК ОКУУ КУРСУНУН ТАРЫХЫ

*Бул илимий макалада Жалал-Абадда 1923-жылы ачылган кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курсунун тарыхы жана билим берүү, эл агартуу маселелери тарыхый өңүттө илимий талдоого алынды. Илимий коомчулукка сунушталган макаланын географиялык алкагын Жалал-Абад аймагы түзүп, убакыттык чектери катары 1923-жылдардан 1926-жылдарга чейинки мезгилди өз ичине камтып, Жалал-Абад аймагындагы сабатсыздыкты жоюуга жана билим берүүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө болгон тарыхый окуялар изилденет. Тарыхый*

*фактылар катары Өзбекстан Республикасынын улуттук мамлекеттик архивинин, борбор калаадагы мамлекеттик архивдин маалыматтары, Ош областындага жана Жалал-Абад областындагы архив маалыматтары, В. Ф. Труновдун 1887-1997-жылдар боюнча берген маалыматтары жана башка тарыхнаамалык жана булакнаамалык материалдар сунушталды. Негизинен, архивдик материалдар менен иштөө ыкмасы колдонулду. Жүргүзүлгөн архивдик изилдөөлөрдүн жыйынтыгында 1923-жылы Жалал-Абад аймагындагы кыска мөөнөттүү педагогикалык курс болгондугу аныкталып, билим берүүнүн тарыхый жараянында бир катар тоскоолдуктар, кемчиликтер жана өнүгүү өбөлгөлөрү тууралуу пикирлер кошумчаланды. Жалал-Абад аймагында 1923-жылдары кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курсунун болгондугу тууралуу айтылып жүргөн маалыматтар такталып, илимий жыйынтык чыгарылды. Ошондой эле бул аймактагы билим бурүү багытынын тарыхын илимий өңүттө изилдөө зарылдыгы келечектин милдети экендиги белгиленди*

***Түйүндүү сөздөр:*** *билим берүү, сабатсыздык, мугалимдер курсу, агартуучулук, жададчилик, педагогикалык ишмердүүлүк, интеллигенция, окумуштуу, мамлекеттик ишмер, орус-тузем мектептери, педтехникум.*

***Токтогулова Г. Т.,*** *канд.филос.наук., доцент*
*toktogulova.72@mail.ru*
*ORCID: 0000-0003-1642-3959*
*ДжАГУ им. Б.Осмонова*
*г. Джалал-Абад, Кыргызстан*

# ИСТОРИЯ КРАТКОСРОЧНОГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО КУРСА В ЖАЛАЛ-АБАДЕ

*В данной статье дан научный анализ истории краткосрочного педагогического учебного курса в Жалал-Абадской области, открытого в 1923 году, и вопросов образования, народного просвещения в историческом контексте. Географический охват статьи, представленной научному сообществу, составляет Джалал-Абадская область, временные рамки которой охватывают период с 1923 по 1926 годы, и исследуются исторические события, способствовавшие ликвидации неграмотности и развитию образования в Джалал-Абадской области. Историческими фактами являются архивные данные Национального государственного архива Республики Узбекистан, Государственного архива в столице, архивные данные в Ошской области и Джалал-Абадской области, представлены данные В.Ф.Трунова за 1887-1997 годы и другие историко-источниковедческие материалы. В результате проведенных архивных исследований было установлено, что в 1923 году существовал краткосрочный педагогический курс в Джалал-Абадской области, добавлены мнения о ряде препятствий, недостатков и предпосылок развития исторического процесса образования. В заключении статьи подчеркивалась необходимость научного изучения истории образовательного направления в данной области.*

***Ключевые слова:*** *образование, неграмотность, курс учителей, просвещение, жадидизм, педагогическая деятельность, интеллигенция, ученый, государственный деятель, русско - туземские школы, педтехникум.*

***Toktogulova G. T.,*** *cand. philos. of scince, associate professor*
*toktogulova.72@mail.ru*
*ORCID: 0000-0003-1642-3959*
*JAGU after B. Osmonov*
*Jalal-Abad city, Kyrgyzstan*

## HISTORY SHORT-TERM PEDAGOGICAL COURSES IN JALAL-ABAD

*This scientific article provides a scientific analysis of the history of a short-term pedagogical training course in the Jalal-Abad region, opened in 1923, and issues of education, public enlightenment in a historical context. The geographical scope of the article presented to the scientific community is the Jalal-Abad region, the time frame of which covers the period from 1923 to 1926, and examines historical events that contributed to the elimination of illiteracy and the development of education in the Jalal-Abad region. Historical facts are archival data of the National State Archive of the Republic of Uzbekistan, the State Archive in the capital, archival data in the Osh region and Jalal-Abad region, V.F. Trunov's data for 1887-1997 and other historical and source materials are presented. As a result of archival research, it was found that in 1923 there was a short-term pedagogical course in the Jalal-Abad region, opinions were added about a number of obstacles, shortcomings and prerequisites for the development of the historical process of education. In conclusion, the article emphasized the need for scientific study of the history of the educational direction in this area.*

***Key words:*** *education, illiteracy, teacher training, enlightenment, jadidism, pedagogical activity, intelligentsia, scientist, statesman, russian -native schools, pedagogical college.*

**Киришүү.** Өткөн кылымдын 20-жылдарында жарандык согуш эми эле аяктап, эл-журт жаңыдан тынч турмушка кам ура баштаары менен өлкөнүн алдында "сабатсыздыкты жоюу", андан ары "билим алуу" деген чоң максаттар башталган. Ал кездеги Жалал-Абад кантону географиялык жактан Кыргызстандын ортосунда жайгашкандыгы, атүгүл, кээ бир көрсөткүчтөрү боюнча шаарды өлкөнүн байтактысы деп атоо сунушу киргизилип жаткан учурда, мугалимдердин алгачкы тобун даярдап, аны эл арасына жиберүү иш-чарасы башталган. Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын ревкомунун областтык билим берүү академиялык борборунун төрагасы Ишеналы Арабаевдин 1925-жылдын 5-февралында жасаган докладында да кыска мөөнөттүү педагогикалык курстун ачылгандыгы баяндалат. Демек, Жалал-Абад кантонундагы бул окуя Кыргызстандагы билим берүү башатынын алгачкы булагы болгондугун көрсөтөт.

**Материалдар жана изилдөө методдору.** Илимий макаладагы изилдөөнүн жылнаамалык чеги 1923-1926-жылдардагы Жалал-Абад аймагындагы билим берүүнүн тарыхын өз ичине камтыйт. Негизги материалдар катары Жалал-Абаддагы сабатсыздыкты жоюунун, агартуучулукту жайылтуунун, билим берүүнүн алгачкы кадамдары тууралуу архивдик маалыматтар, ошол мезгилди изилдөөгө алган авторлордун эмгектери, илимий тарыхый адабияттар, диссертациялар жана интернет сайттарынан алынган маалыматтар жана архивдик табылгалар эсептелет. Ар кандай изилдөө тарыхый объективдүүлүк сыяктуу принциптерге жана усулдарга таянуу аркылуу жүргүзүлөт. Илимий эмгекти жаратууда чыныгы илимий методологиянын объективдүү принциптерге таянган учурда гана тарыхый жараян туура изилденери анык. Изилдөөдө тарыхнаамалык, булакнаамалык, архивдик материалдарды конкреттештирүү, анализдөө, сынчыл ой-жүгүртүү, тарыхыйлуулук, туура талдоо, логикалык бүтүм усулдары пайдаланылды.

**Тыянактар жана талкуулар.** Жалал-Абад облустук элге билим берүү инспекция башчысынын орун басары Резников өзүнүн докладында: "Бул мезгилде мектептердин саны өтө аз, кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курстарын ачуу зарыл, бирок аларды каржылоо кыйынчылык жаратат, кыргыз мугалимдери дээрлик жокко эсе, окуу китеп жана колдонмолор да жок, мамлекеттин бюджетинде же жергиликтүү бюджетте келишим боюнча иштеген мугалимдердин баарына өз убагында акы төлөнбөйт, абал өтө начар. 16 мектептин көпчүлүгү европалык, 3 өзбек жана Сафаров кыштагында 1 мусулман жатак мектеп бар, ал жердеги 50 окуучунун 44 окуучусу – кыргыз балдар. Жакында эле Ош шаарынан келген 10 мугалимди уезддерге жиберишкен, бирок алар кыйналып жатышат, анткени окуу колдонмолору жок, ошондуктан кара кыргыз

кыштактарында мектеп тармагын кеңейтүү керек”, – деп сунуштаган [1].

Мындай сунуштар жана билим берүү тармагындагы муктаждыктар өтө көп болгондуктан, Ташкенттеги элге билим берүү башкармалыгынын кыска мөөнөттүү курстар жөнүндөгү циркулярын (1922-ж.) өзгөртүүсүз сунуштасак: “Всем облисполкомам и уездным отделам народного образования и всем инструкторам от НАРОБА Циркуляр № 3295 об организации краткосрочных курсов по переподготовке учителей: Несмотря на тяжелые финансовое и экономическое положение республики НКП за период революции, для одного только коренного населения края открыто 6 педагогических училищ, 1 педтехникум и 6 پединститутов, которые через 2-3-года и выпустят целый кадр народных учителей для коренного населения. Вопрос просвещения народа настолько важен и неотложен, что на нем должно быть сосредоточено все внимание, как государства так и общества, НКП Туркреспублики решил принять самые решительные меры к поднятию, общего и педагогического уровня развития учащихся, и главным образом, коренного населения. Подготовка нового кадра учителей очень сложна и потребует много времени. Очередной задачей Соцвоса является обновление прежнего и ныне работающего по Отнаробу педагогического персонала, так как школы за время революции в очень немногих местах стали на новый путь школьного строительства. Учителя вследствии империалистической войны, революции и экономической разрухи были оторваны от культурной жизни, не могли наполнить своих знаний не по своей вине и нуждаются в пополнении своих пробелов, т. к. школа в период реорганизации требует новых задач, диктуемых жизнью. С этой целью Главсоцвос НКП Туркреспублики решил открыть в ближайшем будущем ряд краткосрочных курсов для переподготовки работников школьных, дошкольных и социально-правовой охраны. Ограниченность кредитов НКП не дает возможность открыть таковые целиком за счет Республики. Для проведения же неотложных мероприятий в жизнь, необходимо общественная помощь, которая должна выразиться в том, что курсанты должны будут существовать (около 3-х месяцев) на курсах на свой счет или на счет общественных и частных организаций. НКП полагает, что каждая волость найдет средства одного-двух школьных работников отправить на курсы на свой счет. Главсоцвос берет на себя обязанность изыскания средств для оплаты лекторского состава и для снабжения курсов учебными пособиями. На курсах переподготовки учашихся педагогический персонал должен будет наполнить и обновить свои познания по общеобразовательным, методическим и социально-общественным наукам, желательно на курсах видеть и образцово-показательную школу с опытным руководителем. Только прослушав курсы переподготовки учащихся, учителя будут иметь больше основания называться народными, т. к. они будуть обучать и воспитывать в духе времени не только подрастающее поколение, но просвещать (?) и взрослое население, которое в момент общественного переустройства весьма в этом нуждается. Курсы переподготовки учащихся должны быть открыты в тех районах, в которых уже имеются педагогические училища или институты Народного Просвещения, где должен быть использован квалифицированный лекторский персонал, так и оборудование этих заведений. Означенные курсы могуть быть открыты в тех районах, где в этом ощущается неотложная надобность. Для европейского населения курсы могут быть открыты только в Ташкенте. ... Зав отделам и инструкторам Отнароба надлежит немедленно приступить по данному вопросу к организационной работе. Взять на учет все соответствующие педагогические силы коренного населения и европейского, как находящихся на службе Отнароб так и могущих быть приглашенными со стороны. Собрать в экспертном порядке все точные сведения по прилагаемым формам № 1, 2, 3. Перевести на язык коренного

населения вопросы, циркуляры и разослать по всем волостям и школам коренного населения," - деп жазылган [2]. Кийинки архивдик маалыматта педагогикалык курстардын жобосу берилип, 1923-жылы жайында кайра даярдоочу 3 айлык курстар ачылгандыгы, алардын максаты мугалимдердин педагогикалык жана жалпы билимин жогорулатуу жана кеңейтүү экендиги, курстарды жетектөө жана лекторлор менен камсыздоо жергиликтүү мыкты педагогикалык кадрлардан алынары так көрсөтүлгөн [3]. Ошол мезгилдеги кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курстардын жобосун өзгөртүүсүз сунуштасак: "Положение о краткосрочных педагогических курсах для учителей коренного населения. Курсы имеют целью: во-первых, пополнить общее образование учителя, во-вторых, ознакомить его с основными принципами Единой Трудовой школы и методами работы в ней, в-третьих, пополнить сведения по политграмоте, столь необходимые каждому сознательному гражданину, продолжительность курсов три месяца, курсы функционируют по учебному плану Главсоцвоса "Руководящие материалы, Главсоцвоса" № 7/ и по утвержденным им программам, во главе курсов стоит заведующий, назначаемый Главсоцвосом по представлению инспекции ОНО, несущим ответственность за успешную деятельность курсов, на курсы принимается только преподователи советских школ, количество курсантов не превышает установленных НКП норм, все курсанты разбиваются на группы по 40-50 человек, каждая группа набирает свой президиум, который способствует всячески ее работам, придавая им планомерность и организованность, а также помогает заведующему курсами в его деятельности, расходы на поездку на курсы и с курсов на место службы относятся на местные средства. Труд Заведующего курсами и лектора оплачиваются по особому тарифному расчету, установленному по соглашению с ОТЭ Союза Работпрос, жалованье курсантов сохраняется за ними по месту службы, курсанты живут в особых общежитиях, получая паек студентов, занятия на курсах производятся в продолжение шести часов ежедневно, кроме праздников. Один день в неделю для каждой группы, особый, посвящается экскурсиям по изучению экскурсионного дела, по мере надобности /не реже 2 раза в месяц/ все группы созываются на общее собрание для разрешения принципиальных вопросов, имеющих общий для всех интерес, занятие на курсах ведутся смешанным методом /частью лабораторно, частью лекционно/, все работы групп тщательно фиксируются в особом журнале, письменные работы курсантов /рефераты, доклады, отчеты, тезисы и. т. д./ сохраняются", - деп жазылган [4, 13-84-бб].

Жогоруда көрсөтүлгөн жобого ылайык, кыргыз жергесинин көптөгөн аймактарында, анын катарында Жалал-Абад шаарында кыска мөөнөттүү педагогикалык курс ачылган. Анын далили катары Өзбек Республикасынын улуттук архивинен табылган маалыматтарды өзгөртүүсүз сунуштайбыз: "Инспектору Народного Образования Ферганской области. Доводится до вашего сведения, что в общий план курсов по переподготовке учителей Ферганской области дополнительно включены киргизские курсы в Джалял-Абаде на 50 человек. Примите срочные меры к организации этих курсов по примеру таких же курсов в Коканде. Об исполнении сообщите. (Зам. Предглавсоцвоса – П. Сербов и секретарь – Г. Пинегин) (4-июня 1923-24-гг.) [5, 34-б.] деп жазылат. Ал эми "Комиссару Просвещения рохата Лешева (өтө так окулбагандыгын эске алыңыздар) Заявление деген архив беттеринде: курсы, надлежащие открытию в Андижанском уезде для киргизской молодежи на 50 человек, следует открыть на местности "Кугарт" того же уезда, являющийся центром кыргызского населения трех районов, а именно: "Избаскент", "Джалял-Абад", "Базаркурган" с общежитием 50 курсантов с полным обмундированием. Выдать суточные на 8 человек едующих вместе

со семьей в “Джалял-Абад” в училище “Кугарт”. Утвердить тов. Тамара Байселенова заведующим курсами. Откомандировать в Джалял-Абад учителя Давлета Айдисарикова (8-тиркеме) (За спец. 1923-г. подпись)” [5, 41б]. Ал эми кийинки архивде: “Тов. Ходжикову. (гр.?) учителя, имеющего 3-х летнего педагогического стажа по новому методу. Ахметова Заявление: “Сим прошу (*Баш сөздөрү түшүнүксүз*) Вашего распоряжения кому (?) о принятии меня на первоначальные курсы отправившегося среди населения кара-казак на местность “Жалал-Абад” Ферганской области. При том осмеливаюсь (?) уведомить Вас о том что я буду преподовать уроки на природоведение так же, на 4 действие арифметику. Затем обязуюсь служить курсам до самой ликвидации таковых. А потому прошу снабжать меня как документом так и субсидией. Прочие отправить к месту курсов 30.05.1923-г.” [5, 52б]. Кийинки архивдик материалда: Ташкент 25.06.1923-г. Главсоцвос. На ваше № 1809, от 26.06.1923-г. Ферганская областная инспекция Наробраза доводит до Вашего сведения, что ею отдано распоряжение в Андижанских УИНО (Уездное инспекция народного образования) о принятии мер к организации кыргызских курсов в Джалял-Абаде на 50 человек. (Зам Ферганской обл. инспекции народного образования – Низамбаев и секретарь Ферг. обл. инспек. НКП Кварк (на печати 16.06.1923-г.) [5, 59б]. Кийинки архивдик материалда: “в. Срочно. Туркестанский Централный исполнительный комитет. Совет Народных Комиссаров Туркреспублики. Копия. Народному Комиссариату Продовольствия. Повторные курсы не открыты в виду неотпуска Наркомпродом наряда на 350 человек Семьсот пайков. Открытые курсы в Андижане и Джалял-Абаде снабжаются за счет детской нормы. Сообщая о вышеизложенном ходатайствуем о скорейшем отпуске пайков и средств на организационные расходы сезона. (Зам. ПредФероблревкома – Уразалиев. Зам. Зав. Отд. Управления – Фадеев. Отв. Секр. Облревкома – Никофоров. 2-июля 1923-года. № 5111)” [5, 79б].

“Народному Образованию Андижанского уезда (02. 08. 1923-г., № 2581). По ошибке Наркомпроса, вместо назначенных для курсов на 3 месяца 20200 пайков, выдано всего лишь 200 пайков. Принимаем меры к исправлению допущенной ошибки. Для курсов в Джалял-Абаде переведено Вам 20 000 р., полученных от реализации причитающихся им пайков. Денег для курсов было нами переведено на имя Ферганской обл. инспекции за май и июнь по 13250 р. и за июль - 50 000 р. Сделано распоряжение о выявлении причитающейся Вам части этих сумм. Возбуждается ходатайство об усилении кредитов по содержанию курсов. (Зам. Предглавсоцвоса – П. Сербов и секретарь – Г. Пинегин)” [5, 120б] деген маалымат да абдан маанилүү. Жалал-Абаддагы кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курсунун тарыхы кыргыз интеллигенциясынын алгачкы өкүлдөрүнүн бири Б. Данияровдун ишмердүүлүгү менен да байланышта. Архивдик фактыларга таянуу менен берген автордун маалыматында: “Б. Данияров 1924-жылы февралда Түркстан элге билим берүү бөлүмү тарабынан Ош жана Жалал-Абадга иш сапарына жөнөтүлүп, кыргыз улутундагы 80 адам билим алган мугалимдерди даярдоо курсунда эне тилден сабак берүү менен бирге окуу бөлүмүнүн башчысы кызматын да аркалаган. Ошол эле жылы сентябрда окуу курсу Ошко которулуп, 15-сентябрда 15 кыргыз улутундагылар мугалимдик курсту аякташкан. Ал ошол мугалимдер курсунун жетекчиси болуп дайындалган. 1925-жылы 1-январда дагы 18 мугалим бүтүрүп чыгып, алар Ош жана Жалал-Абад аймактарына жөнөтүлгөн. Тактап айтканда, Түркстан Эл агартуу комиссариатынын Б. Даниявровду Фергана облусунун Жалал-Абад шаарына педагогикалык ишке жөнөтүшү анын эмгек таржымалында жаңы барак ачты [6, 65б].

Б. Данияров Жалал-Абаддагы ишке бөлүнгөн жерине келген күнү (17. 06. 1924-ж.)

ачылган педагогикалык курстарда иштей баштагандыгын [7, 6б] автор: "ал шаарга келгенге чейин эле ал курстарга Түркстандын Фергана облусундагы ... болочок Ош районунан 80 студент кабыл алынгандыгын, курстардын максаты 1-баскычтагы мектептер жана сабатсыздыкты жоюу үчүн мугалимдерди даярдоо болгондугун, үч айдан кийин ал курстар Ош шаарына которулуп, окуучулар өздөрүнүн мугалимдери менен кошо көчүп барышкандыгын" [6, 68б] айтат.

Республиканын элге билим берүүсүнүн өнүгүү тарыхын изилдеген Б. Р. Солтонбековдун "...жергебизде 1924-жылы бир эле мезгилде эки жерде мугалимдерди даярдоо боюнча бир жылдык курстар ачылат. Анын бири Бишкекте - "Борбордук даярдоо тарбия курсу" деп аталып, экинчиси Ош калаасында "Эрктүү кара-кыргыз туңгуч даярдоо тарбия курсу" деген аталышта, акимдин кара багындагы атканасынын имаратында жайгашкан. Курстун биринчи мугалимдери: Шарип Халыбжанов, Базаркул Данияров, Жоробек Сарногоев болушкан" [8] деген маалыматы Б. Данияровдун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн Ош шаарында улануусунан кабар берет.

1924-1925-жылдары Ош жана Жалал-Абад аймактарынын мугалимдерин кайра даярдоо боюнча курстун окутуучуларынын катарына "мусулман" жана "европалык" тилдерде сабак өткөн мугалимдер [9, 440-б.] кошулган. Жалал-Абаддагы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарында иштегенден баштап эле Б. Данияров окуу бөлүмүнүн башчысы, андан кийин курстардын жетекчиси болуп дайындалгандыгы тууралуу бир катар документтер бар [10].

Ушундай мазмундагы тарыхый фактылардын дагы бири катары Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын ревкомунун жыйынында областтык билим берүү академиялык борборунун төрагасы И. Арабаевдин жасаган докладын (05.02. 1925-ж.) мисал келтирсек: "Өткөн жылы 1-майда Жалал-Абадда кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курс ачып бердик эле, 40 мугалим даярдап берди жана эки жолу бүтүрүүчү чыгарды, ошондой эле бүгүнкү күндө да өз ишин улантууда" [11, 1-б.].

Ошондой эле 1925-жылы областтык саясий агартуу бөлүмүнүн башчысы Уркунчиев Кыргыз автономиялуу областынын сабатсыздыкты жоюу бөлүмүнүн башчысы катышкан Орто Азия агитация жана пропаганда бюросунун 1924-1925-окуу жылы үчүн жасаган отчеттук докладында Жалал-Абад аймагындагы сабатсыздыкты жоюу иштерине токтолуп, "сабатсыздарды тактоо максатында айыл-кыштактардагы 16 жаштан 36 жашка чейинки куурактагыларды каттоого алышып, андан соң 15-майда жазгы талаа иштери башталгандыгына байланыштуу Жалал-Абад округунан бүтүргөн курсанттарды толук каттоого мүмкүнчүлүк болгон жок", - деп жазган жана жакынкы убакытта такталарын кошумчалаган [12, 18-б.].

Жалал-Абаддагы кыска мөөнөттүү педагогикалык курсу билим берүү башатынын үлгүсү катары гезит беттеринен да орун алган. "Эркин-Тоо" гезитинин № 2 санындагы "Фарганада кыргыз мугалим дайардоо курсу жайынан" деген аталыштагы маалыматта кездешет [13].

Жыйынтыктап айтканда, тарыхый-архивдик жана булакнаамалык маалыматтарга таянуу менен Жалал-Абаддагы кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курсу 1923-жылы май-июнь айларында ачылгандыгы белгилүү болду.

**Адабияттар:**


1. Инспектор Резников дун доклады. //КР БМА, ф. 647, оп. 1, д. 16, 18-19-бб.
2. ӨРУМА, ф. Р-34, о-1, д. 1384, с-78.
3. ӨРУМА, ф. Р-34, о-1, д. 1399, с-13-84.

4. ӨРУМА, ф. Р-34, о-1, д. 1399, с-13-84.

5. ӨРУМА, ф. Р-34, о-1, д.1768, с-34.

6. Орузбаева-Даниярова, К. Б. Базаркул Данияров – алгачкы агартуучу [Текст] / К. Б. Орузбаева-Даниярова. - Бишкек, 2022. - 65-б.

7. Ош облустук ревкомунун Президиумунун чогулушунун № 14 протоколунан көчүрмө. // КР БМА, ф. 647, оп. 1, д. 16, л. 6.

8. Солтонбеков Б. “Жалал-Абад – Кыргыздын кичи энциклопедиясы”. //“Кут Билим” газетасы. 2-декабрь, 1997-ж.

9. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курсунун окутуучуларынын тизмеси. //КР БМА, ф. 647, оп. 1, д. 16, л. 440.

10. Автобиография, 1925. //ДҮА. БДФ, бб. 64а-64б.

11. БМА, ф. 647, оп. 1, д. 34,1-б.

12. БМА, ф. 647, оп. 1, д. 178,18-б

13. Калык уулу Б. Ферганада кыргыз мугалим даярдоо курсу жагынан // Эркин Тоо. - №2. - Бейшемби, 24-ноябрь, 1924-жыл.